**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ МИЛДЕТТҮҮ МЕДИЦИНАЛЫК КАМСЫЗДАНДЫРУУ ФОНДУ**

**ФОНД ОБЯЗАТЕЛЬНОГО МЕДИЦИНСКОГО СТРАХОВАНИЯ ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ЗДРАВООХРАНЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

2022-жылдын «18» 02 № 31 Бишкек шаары

**ММК фондунда мамлекеттик тилди өнүктүрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик тили жөнүндө» мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2022-жылдын 7-февралындагы № 67 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 1-октябрындагы № 510 «Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» токтомун аткарууда, ММК фондунда иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүүнү камсыз кылуу, мамлекеттик тилди өнүктүрүүнү жолго коюу максатында **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунда 2022-жылы мамлекеттик тилди өнүктүрүү программасы (мындан ары – Программа) тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. ММК фондунун башкармалыктарынын жана бөлүмдөрүнүн башчылары Программада камтылган иш-чараларды аткарууга кабыл алышсын.

3. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо төраганын биринчи орун басары К.Т. Өскөнбаевага жана төраганын орун басары М.Т. Шабдановго жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Б. Жуманазаров**

Тиркеме

**Кыргыз Республикасынын**
**Саламатык сактоо**
**министрлигине караштуу**
**ММК фондунун 2022-жылдын**
**«18» 02 №31 буйругу**
**менен бекитилди**

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунда 2022-жылы мамлекеттик тилди өнүктүрүү программасы**

| № | Иш-чаранын аталышы | Аткаруу мөөнөтү | Аткаруучулар |
|---|---|---|---|
| 1. | Мекемедеги бардык иш-кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү. | жыл бою | Башкармалыктардын, болүмдөрдүн башчылары; ММК фондунун аймактык башкармалыктарынын директорлору |
| 2. | Кыргызтест мамлекеттик ишканасынын талаптарына ылайык кызматкерлерди мамлекеттик тилге окутууну уюштуруу. | 2022-жылдын IV кварталы | Уюштуруу бөлүмү; Башкармалыктардын, болүмдөрдүн башчылары; ММК фондунун аймактык башкармалыктарынын директорлору |
| 3. | ММК фондунун кызматкерлерин Кыргызтест мамлекеттик ишканансынан тестирлөөдөн откөрүү. | 2022-жылдын декабры | Башкармалыктардын, болүмдөрдүн башчылары; ММК фондунун аймактык башкармалыктарынын директорлору |
| 4. | Мамлекеттик тилде окутуу жүргүзүүгө каражат бөлүү. | жыл бою | Эсепке алуу жана отчеттуулук башкармалыгы; ММК фондунун аймактык башкармалыктарынын директорлору |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 5. | ММК фондунун ишмердиги тууралуу брошюраларды, плакаттарды мамлекеттик тилде чыгаруу. | жыл бою | Медициналык камсыздандыруу программаларын ишке ашыруу башкармалыгы; ММК фондунун аймактык башкармалыктарынын директорлору |
| 6. | ММК фондунун ишмердиги жөнүндө отчетторду мамлекеттик тилде даярдоо | жыл бою | Жыйынтыктоочу-укуктук колдоо бөлүмү; ММК фондунун аймактык башкармалыктарынын директорлору |
| 7. | КР мыйзамдарынын, КР Министрлер Кабинетинин токтомдорунун, тескемелеринин долбоорлорун жана аларга байланыштуу документтердин пакетин мамлекеттик тилде даярдоо. | жыл бою | Башкармалыктардын бөлүмдөрдүн башчылары |
| 8. | Мекемеден чыгуучу бардык каттарды мамлекеттик тилде даярдоо. | жыл бою | Башкармалыктардын, бөлүмдөрдүн башчылары; ММК фондунун аймактык башкармалыктарынын директорлору |
| 9. | ММК фондунун вебсайтындагы баардык материалдардын мамлекеттик тилде болушун камсыз кылуу. | жыл бою | Маалыматтык-техникалык камсыз кылуу бөлүмү, Басма сөз катчысы |
| 10. | Мекемедеги бардык көрнөк-жарнактардын мамлекеттик тилде сабаттуу жазылышын көзөмөлдөө. | жыл бою | Уюштуруу бөлүмү, Чарба башчысы; ММК фондунун аймактык башкармалыктарынын директорлору |
| 11. | Саламаттык сактоо уюмдарын аудитордук текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча | жыл бою | Саламаттык сактоо уюмдарынын чыгымдарына аудит |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | материалдарды мамлекеттик тилде даярдоо | | жана талдоо жүргүзүү башкармалыгы |

**Уюштуруу бөлүмүнүн башчысы** **М.К. Мамбеталиев**